
# Бактылуу балалык



ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ДОМ
ДИЛАЗЫК
БАСМА ҮЙ

www.bizdin.kg

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 88

Жеңишбек Жумакадыр
Ж 88 Алтын балалык: Ырлар. Б.:2009 32 б.

ISBN-987-9967-25-400-8

Сүрөтчүсү: Алышбаев Ж.С.

Колуңуздардагы китепчеге белгилүү төкмө акын Жеңишбек Жумакадырдын бөбөктөргө арнап жазган ырлары киргизилди. «Алтын балалык» аттуу китепчелер сериясы мындан ары маал-маалы менен жарык көрүп турмакчы. Китепче балдарга жана балдар дүйнөсүнө кызыккан чоңдорго арналат.

Ж 4702300200-09

ISBN-987-9967-25-400-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Жеңишбек Жумакадыр., 2009

ДИЛАЗЫК

"Дил азык" басма үйүндө басылды
Бишкек шаары., З. Бектенов көчөсү 234

www.bizdin.kg

# Бактылуу балалык

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



# Аман болсун атакем

Кызыктырып атакем,
Кыялымды күүлөнтөт.
Көсөм бала болгун деп,
Көп нерсени үйрөтөт.


Кезиктирген адамга
Күндөй жаркып күлгүн дейт.
Сактап баба салттарын,
Салам айтып жүргүн дейт.

“Кандай?” – десем, атакем:
“Кана, колуң мага сун,
Анан айткын жылмайып:
“Ассалоому алейкум!”

Учурашып эл менен,
Укканымды аткарам.
Баары алик алышат:
“Ва алейкум ассалам!”

Ар убакта жардамчы
Ата сөзү бата экен.
Акыл кошкон акылга
Аман болсун атакем.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg





## Мекенимди сүйөмүн

Мөл булактай тилегим,
Менин бекем тирегим.
Мээрим төккөн көңүлгө
Мекенимди сүйөмүн.

Жери жакын асманга.
Эли жакын асманга.
Мен – кыргыздын баласы,
Мекеним деп айтканга.

Суктанамын, жүрөмүн,
Суудай таза жүрөгүм.
Манас бабам сыяктуу,
Мекенимди сүйөмүн.

www.bizdin.kg






www.bizdin.kg

# Оң жак

Оң болсо деп катарым,
Оң жак менен басамын.
Ойгоо, мейли, уктасам,
Оң жак менен жатамын.

Оң дегенде сүйүнөм,
Оң жол менен жүгүрөм.
Оңой жана ыңгайлуу,
Оң жак менен кийинем.

Оң сөздөрдү жаттаймын,
Оройлорун айтпаймын.
Ооз тиерде тамактан,
Оң кол менен баштаймын.

Ойноп баспай жолдордо,
Окшошомун чоңдорго.
Ондоп-ондоп алмакмын,
“Оң” деген баа болгондо.

www.bizdin.kg





www.bizdin.kg


## Китеп калбай калат го

Китеп окуй беремин,
Чоңойсом деп тезирээк.
Бирок, билбейм, негедир,
Боюм өспөй кечигет.

Китеп окуй беремин,
Көбөйсүн деп акылым.
Анда деле билинбейт
Чоңойгону башымын.

Карай берсем китепти,
Каректерим талат го.
Көп окусам мынчалык,
Китеп калбай калат го.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg




## Бали, азамат Жанарбек!

Мугалими сурады,
Билеби деп буларды.
Жакшы окуган Жанарбек
Жооп берген убагы:

– Учкан кушта не болбойт?
– Учкан кушта сүт болбойт.
– Жыландарда не болбойт?
– Жыландарда бут болбойт.

– Жумурткада не болбойт?
– Жумурткада кыр болбойт.
– Жашырбаса, не болбойт?
– Жашырбаса, сыр болбойт.

– Бали, бали, Жанарбек!
Баарың кылгын аракет.
Бул Жанардай такалбай,
“Беш” деген баа алам деп.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



# Билип ал

Бул жашоодо баары бар,
Билип алгын баарыңар.

Бирдей эмес эч жери,
Бири-бирине тескери.

Кенен менен тар,
Күлкү менен зар.

Кара менен жарык нур,
Ит менен карышкыр.

Оң менен сол,
Ойдуң менен жол.

Жапыз менен бийик,
Жылкы менен кийик.

Балыр менен от,
Бар менен жок.

Айың менен чындык,
Аю менен чымчык.

Алсыз менен күчтүү,
Азырынча бүттү.

www.bizdin.kg





www.bizdin.kg

## Тамактанар маалында

Эжем, байкем, иним бар,
Эркелейбиз дайыма.
Тартиптүүбүз, а бирок,
Тамактанар маалында.

Тентек болуп үйдөгү,
Тили чыккан чулдурап,
Кичинебиз Азамат
Колубузга суу куят.

Тамак берген апамды
Төртөөбүз тең мактайбыз.
Бир кезде атам үйрөткөн:
"Бисмиллах" деп баштайбыз.

Жалпы балдар, ишенгин:
Жаман сапат – калп айтуу.
"Бисмиллах" деп жесеңер,
Баары болот таптаттуу.



www.bizdin.kg

www.bizdin.kg





## Уктаарымда айтамын


Абдан келди уктагым,
Анда эмесе, уктадым.
Бирок, мобу сөздөрдү
Бир абамдан уккамын.

"Жаттым тынч,
Жаздыгым – кенч.
Дилимде куран,
Тилегеним – ыйман.

Жаралгандын биримин,
Жандуулардан сулуумун.
Мухаммеддин үммөтү,
Жараткандын кулумун".

Жаттым тынч,
Жаздыгым – кенч.
Анан эмне кылам,
Эртең эрте турам.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



# Жайлоодо

Желеге кулун байлаштым,
Жылкыны кошо айдаштым.
Ышкырып койго жайыттан,
Ышкынды тердим алыстан.

Түгөлдөп малды карадым,
Түндүктөн жылдыз санадым.
Сабаадан кымыз жыттадым,
Самоордун чайын ууртгадым.

Ой-кырда басып жай жүрдүм,
Ойнотуп жайдак тай миндим.
Жүрөккө сонун сыр сактап,
Жайлоодон кайттым кылчактап.

www.bizdin.kg





www.bizdin.kg


# Күчүгүм

Короодо бар күчүгүм,
Карап турсаң татына.
Уктаганда жаздык жок,
Бутун коёт башына.

Кыш чилдеде ойнойбуз
Кар үстүндө куушуп.
Боорум ооруйт досума,
Болсо экен деп күн ысык.

Мына, дагы кеч кирип,
Сыртта калды күчүгүм.
Карап алып айнектен,
Мен да кошо үшүдүм.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg






# Балапан

Орозонун маалында,
Ойноп жүргөн чагымда,
Таранчынын баласын
Таап алдым багымда.

Түшүнө албай ачыгын,
Үйгө апкелип жашыруун,
Суу, нан берсем, баш чайкап,
Чыйп-чыйп этет акырын.

Тамак ичпейт байкуш деп,
Тартып жатсам муң-кайгы,
Көрсө, бул да орозо
Кармап жаткан турбайбы.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



## Айт намазга барамын

Эжем боорсок бышырып,
Энем карап кубанат:
“Эрте жатып, эрте тур,
Эртең, балам, Курман айт”.

Мээриминде кудайдын
Мен – мусулман баламын.
Атакеме кошулуп,
Айт намазга барамын.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



# Футболчулар


Кызык футбол башталды,
Кыйкырыктар таш жарды.
Келдибектин тепкени
Кирерине аз калды.

Койколоңдойт Азимбек:
"Гол киргизем азыр", – деп.
Камырабайт беркилер:
"Кыйын тосот Касым", – деп.

Азим топту тепти эми,
Ал топ учуп жетти эми,
Кыйын деген Касымы
Кошо кирип кетти эми.

Касым тарап утулду,
Баары ага жутунду.
"Тамак ичпей чыккам", – деп,
Тамтаң басып кутулду.

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



## Тапандыгын карачы

**Алгач ирет барганбыз**
**Эс алганы камданып.**
**"Неге Ысык-Көл көпкөк?" – деп**
**Сурап калсак таң калып...**

**Жөн турбаган Акылбек**
**Жооп айтканын карачы:**
**"Көк болгону Ысык-Көл –**
**Көк асмандын баласы".**


www.bizdin.kg